| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

VII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз VI сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 13 - сентябры, № 6/14 Ылай-Талаа айылы.

**Токбай-Талаа айылындагы Т.Абдыкадыров көчөсүнө жөө адамдар жүрө турган тротуар куруууга түрткү берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоордун өздүк салымын айыл өкмөтүнүн бюджетинен карап берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин жана Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна -"Айылдык кеңештин компетенциясы жөнүндө" беренесинин, "Жергиликтүү бюджетти жана аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндөгү" Мыйзамынын 32-беренесинин 2 - "Тиешелүү аймактын социалдык-маданий инфраструктурасын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо боюнча кеңешке сунуштарды киргизүү жөнүндөгү" бөлүмчөлөрүн жетекчиликке алып Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Токбай-Талаа айылындагы Т.Абдыкадыров көчөсүнө жөө адамдар жүрө турган тротуар куруу үчүн Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга каралган бюджетинин эсебинен **5 000 000 ( беш миллион )** сом акча каражатын өздүк салымдан төлөп берүү жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Козуевге милдеттендирилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Кадыркулов**